# ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИНИН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫНА 2021-2022-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА АНАЛИЗДӨӨ ОТЧЁТУ

**1. Мектеп жөнүндө маалымат**
**2. Билим берүү программасы боюнча окуучулардын контингенти тууралуу маалымат**
**3. Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүү программасы жөнүндө маалымат**
**4. Билим берүү программасынын окуу планы жөнүндө маалымат**
**5. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн планы боюнча маалымат**
**6. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымат**
**7. Билим берүү программасындагы кадр менен камсыз кылуусу боюнча маалымат**
**8. Билим берүү программасынын окуу китептери жана окутуу усулдук материалдар менен камсыз болушу жөнүндө маалымат**
**9. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы жөнүндө маалымат**
**10. Ата-энелердин билим берүү процессине катышуусу**
**11. Социалдык кызматташтык**
**12. SWOT анализ**

## 1. Мектеп жөнүндө жалпы маалымат

| | |
|---|---|
| 1.1Мектептин аталышы | Итикул Молдобаев атындагы орто мектеби |
| 1.2 Дареги | Нарын областы, Ак-Талаа району, Жерге-Тал айылы, Турдакун көчөсү №31 |
| 1.3 Курулган жылы | 1999-жыл |
| 1.4. Уюштуруучулук-укуктук статусу | ИУЖК коду – 23594367<br>Каттоо номуру 78688-3304-М-е<br>Идентификациялык салык номуру 01711200410247 |

1.5. Штаттык бирдиктери: жалпы 35
Мугалимдер 25
Кенже кызматкерлер 9

| | | |
|---|---|---|
| Мектеп жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Саякбаева Назира Шабданбековна<br>0702 799309 | Штат бирдиги<br>1ст |
| Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары | Куштарбек кызы Гүлзат<br>00701323838 | 0,5 ст |
| Класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу | Мукамбет кызы Асем<br>0707078238 | 0,25 ст |
| Соц. педагог | Касмалиева Айнура Турарбековна<br>0500772735 | 0,25 ст |
| Чарба иштери боюнча директордун орун басары | Акунова Майрам Бектуровна<br>0502 282855 | 1 ст |
| Ата-энелер комитетинин жетекчисинин аты-жөнү, байланыш телефону | Ашымбекова Айпери<br>0700 287569 | |

1.6. Имараттын жалпы мүнөздөмөсү:
Мектептин имараты- 1, (жалпы аянты – 27637 $м^2$, имараттын аянты-502,9 $м^2$)
Окуу кабинеттери-7
Административдик кабинет -2
Ашкана 1

1.7.Класстардын комплектованиясы
1-11-класс- 11
Даярдоо -2

| № | Мектептин жалпы окуучуларынын саны | Кыздардын саны | Эркек балдардын саны | Даярдоо классынын балдардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 113 | 64 | 49 | 26 |

1.8. **Мектептин миссиясы**: ***Окуучуларды алган билимдерин турмушта пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба ала турган гумандуу, активдүү атуулдук позициясы бар инсанды тарбиялоодо ата-эне, коомчулукту мектеп турмушуна аралаштыруу аркылуу билим сапатын көтөрүү.***

1.9. Келерки 5 жылга карата мектептин стратегиялык өнүктүрүү пландарына анализ

**Биринчи максат:** Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо

5 жылга

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 | 2024-2025 | 2025-2026 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектепти өнүктүрүүнүн (стратегиялык) планын мектептин муктаждыктарын эске алуу менен иштелет | + | + | + | + | + |
| 2. | Планды талкулоо, кабыл алуу боюнча коомдук угуулар өткөрүлүп, план бул угуулардын жыйынтыктарынын негизинде кабыл алынат | + | + | | | |
| 3. | Мектепти өнүктүрүүнүн (стратегиялык) планын ишке ашырууда материалдык – техникалык базасын чыңдоо жана толуктоолорду киргизүү | + | + | + | + | |
| 4. | Предметтик сабактарды окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн мугалимдердин функционалдык милдеттери такталат | + | + | | | |
| 5. | Мектептин өнүгүү программасындагы аткарылган иштерди салыштыруу жетишкен ийгиликтерди андан ары өнүктүрүү жана кемчиликтерди жоюу | | | + | + | + |

**Экинчи максат:** Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү.

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 1 -жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мугалимдерди билимин жогорулатуу курсуна жөнөтүү | 10% | 18% | 38% | 44% | |
| 2. | Окутуу процесстерин уюштурууга карата мугалимдердин сабактарды пландаштыруу көндүмдөрү жакшырат | + | + | + | + | + |
| 3. | Мугалимдер баалоо системасын колдоно алышат | 30% | 42% | 54% | 70% | 100% |
| 4. | Окуучулардын компетенттүүлүгү жогорулайт | 15% | 25% | 40% | 60% | 100% |
| 5. | Окуу-тарбия процессинин сапаты жакшырат | 56% | 57% | 58% | 59% | 60% |

**Үчүнчү максат:** Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо.

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 1 -жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектептеги билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдө коомдук уюмдардын жана коомчулуктун биримдиги түзүлөт. | + | + | + | + | + |
| 2. | Мектеп менен коомчулуктун, ата-энелердин байланышы күчөйт. | + | + | + | + | + |
| 3. | Мугалимдердин иштөө шарттары жакшырат | 20% | 35% | 40% | 60% | 70% |
| 4. | Долбоорлор менен иштөө жана республикалык, облустук жана райондук деңгээлдеги конкурстарга катышуу | 3 конкурс 10 окуучу | 5конк 15окууч у | 1долбоор 3 окуучу 10 конкурс 30 окуучу | 2долбоор 6окуучу 15 конкурс 45окуучу | 3 долбоор 8 окуучу 17 конкурс 50 окуучу |

**Төртүнчү максат:** Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун тереңдетүү менен, окуучуларды келечекте татыктуу инсан кылып даярдоо.

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 1 -жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Окуу тарбия иштерин жакшыртуу максатында инновациялык ыкмалар колдонулат | + | + | + | + | + |
| 2. | Компетенттүү жаш муундар тарбияланат | + | + | + | + | + |
| 3. | Билим берүүдө атайын тереңдетилип окутулуучу кружоктор ачылат. | | Орус тил Англис тил Тез окуу | Орус тил Англис тил Менталдык арифметика | Орус тил Англис тил Илим техника | Орус тил Англис тил Тез окуу |

**Бешинчи максат:** Технологиялык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу.

| № | *Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү* | 1 -жыл | 2-жыл | 3-жыл | 4-жыл | 5-жыл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Заманбап маалымат технологияларын кеңири колдонуу менен мугалимдердин чыгармачылыгы өркүндөйт. | + | + | + | + | + |
| 2. | Мектептин өнүгүшү жакшы деңгээлге көтөрүлөт. | + | + | + | + | + |
| 3. | Кошумча билим берүү жана тарбиялоо системасы өнүгөт | + | + | + | + | + |


## 2. Билим берүү программасы боюнча окуучулардын контингенти тууралуу маалымат

| *Билим алуунун түрлөрү* | *Азыркы окуу жылында окуучулардын саны* | *Алардын ичинен ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны* |
|---|---|---|
| Билим берүү уюмдарында | | |
| Күндүзгү окуу бөлүмү | 113 | 1 |
| Кечки сырттан окуу бөлүмү | Жок | - |
| Сырттан окуу | Жок | - |
| Билим берүү уюмдан тышкары | | |
| Үйдөн окутуу | 1 | - |


## 2.1. 2021-2022-окуу жылы ичинде окуучулардын катышуусу жөнүндө маалымат

| *2021/2022-окуу жылы* | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучулардын саны | Жүйөөлүү себептер менен окуу жылында сабак калтырган окуучулар - дын саны | Окуучулар-дын саны | Жүйөөлүү себептер менен окуу жылында сабак калтырган окуучулар-дын саны | Окуучулар-дын саны | Жүйөөлүү себептер менен окуу жылында сабак калтырган окуучулардын саны |
| 113 | 17 | | | | |

**1-4-чейрекке карата окуучулардын катышынын диаграммасы**




**1-4-чейрекке карата мектептин билим сапатынын диаграммасы**




**3. Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билим берүү программасы жөнүндө маалымат (мындан ары мамлекеттик стандарт)**

| *Көрсөткүчтөрдүн аталышы* | *Өлчөм бирдиги* | *Эскертүү* |
|---|---|---|
| *1. Билим берүү программасынын максаттуу бөлүмү* | | |
| 1) Түшүндүрмө каттын мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги | ооба | |
| 2) Мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берген билим берүү программасын окуучулардын өздөштүрүүсүнүн пландалган жыйынтыгы менен | ооба | |

| | | |
|---|---|---|
| шайкештиги | | |
| 3) Мамлекеттик стандарттын талаптарына жооп берген окуу программасынын өздөштүрүлүшүнүн жыйынтыктары пландалган баалоо системасы менен шайкештиги | ооба | |
| *2. Билим берүү программасынын мазмундук бөлүгү* | | |
| 1) Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн жана окуу предметтеринин программаларынын мазмунунун мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги | ооба | |
| 2) Тарбия берүү программасынын мамлекеттик стандарт менен болгон шайкештиги | ооба | |
| 3) Корректирлөө ишинин программасынын мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги (эгер болсо) | ооба | |
| *3. Билим берүү программасынын уюштуруу бөлүгү* | | |
| 1) Окуу планынын түзүмүнүн мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги | ооба | |
| 2) Календардык окуу тартибинин мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги | ооба | |
| 3) Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн планынын мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкештиги | ооба | |
| *4. Негизги билим берүү программасынын бөлүгүнүн катышы* | | |
| 1) *мамлекеттик компоненти* | 299 саат | |
| 2) *мектеп компоненти* | 2саат<br>5-класс Математика<br>8-класс кыргыз тил | |

**4. Билим берүү программасынын окуу планы жөнүндө маалымат**

| *Көрсөткүчтүн аталышы* | *Өлчөм бирдиги* | *Эскертүү ченеми* |
|---|---|---|
| 4.1. Билим берүү программасынын окуу мөөнөтүндөгү ишке ашырылуучу окуу сабактарынын саны | 21 предмет<br>299 саат | |
| 4.2. Билим берүү программасынын милдеттүү бөлүгүндө сунушталган окуу предметтери: | Тил<br>Математикалык | Кыргыз тили<br>Орус тили |

| | | |
|---|---|---|
| | Табигый-илимий<br>Чеберчилик<br>Социалдык<br>Ден соолук<br>маданияты<br>Технологиялык | Чет тили<br>Математика<br>Мекен таануу<br>Табият таануу<br>Биология<br>Химия<br>Физика-астрономия<br>География<br>Кыргыз адабияты<br>Орус адабияты<br>Музыка<br>Көркөм өнөр<br>Тарых<br>Жаран таануу<br>Дене тарбия<br>Аскерге чейинки даярдоо<br>Информатика<br>Технология |
| 4.3. Билим берүү программасынын өзгөрмө бөлүгүндөгү окуу предметтери, курстар | жок | |
| 4.4. Тереңдетилип окутууну камсыздаган окуу предметтери (эгер бар болсо) | жок | |

## 5. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн планы боюнча маалымат

| Көрсөткүчтүн аталышы | Өлчөм бирдиги | эскертүү |
|---|---|---|
| 5.1. Окуу мөөнөтүндөгү сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн көлөмү | 0,75 ставка | 0.25 ставка ийрим жетекчиси (сүрөт)<br>0,25 ставка класстан тышкаркы дене тарбия иштери<br>0.25 ставка ийрим жетекчиси (музыка) |
| 5.2. Сабактан тышкарkы ишмердүүлүктүн багыты | Музыкалык<br>Көркөм өнөр<br>Спорттук | |
| 5.3. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүктүн түрлөрү | «Сыйкыр калем» (кол өнөрчүлүк)<br>«Квартет» (бий, вокал)<br>«Спартак» Футбол(балд)<br>Волейбол (кызд)<br>Спорт стекинг | |

## 6. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалымат

6.1. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы жөнүндө маалымат

“Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекетгик аттестациясын өгкөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” 2019-жылдын 22-мартындагы № 304/1, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын негизги жалпы, орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө 2022-жылдын 3-мартындагы №264/1, Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн 27.05.2022-ж. №53 буйругу жетекчиликке алып мектептин 27-май 2022-жылдагы №27буйрук менен иш алып барылууда.

9-класс 8 окуучу
11-класс 7 окуучу

6.2. Негизги билими жөнүндө өзчөлөнгөн күбөлүк жана артыкчылык аттестатка ээ болгон окуучулар жөнүндө маалымат

| *2020/2021-окуу жылы* | | *2021/2022- окуу жылы* | | *2022/2023-окуу жылы* | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучулардын саны | Окуучулардын сандык катышы (%) | Окуучулар-дын саны | Окуучулардын сандык катышы (%) | Окуучулар-дын саны | Окуучулар-дын сандык катышы (%) |
| 1 | 10% | 1 | 13% | | |

6.3. Негизги билими жөнүндө күбөлүк жана аттестат албай калган окуучулар жөнүндө маалымат

| *2020/2021-окуу жылы* | | *2021/2022- окуу жылы* | | *2022/2023-окуу жылы* | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучулардын саны | Окуучулар-дын сандык катышы (%) | Окуучулар-дын саны | Окуучулар-дын сандык катышы (%) | Окуучулар-дын саны | Окуучулар-дын сандык катышы (%) |
| 0 | 0 | 0 | 0 | | |

6.4. Бүтүрүүчүлөрдүн ЖРТсүнүн жыйынтыгы

| *Акыркы 3 жылга карата маалыматы* | *2020/2021-окуу жылы* | *2021/2022- окуу жылы* | *2022/2023-окуу жылы* |
|---|---|---|---|
| ЖРТга катышкан бүтүрүүчүлөрдүн катышы | 7 | 7 | |
| Эн жогорку упай | 158 | 128 | |
| Билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн орточо көрсөткүчү | 112 | | |
| ЖРТда 110 баллдан жогору балл алган окуучулардын катышы | 62 % | | |

6.5. Предметтик олимпиадага катышуусу боюнча маалымат

| № | *Преметтик олимпиада* | *2021/2022- окуу жылы Райондук этап* |
|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | ***5-орун*** |
| 2 | Англис тили | ***8-орун*** |
| 3 | Орус тили | ***5-орун*** |
| 4 | Тарых | ***7-орун*** |
| 5 | Математика | ***5-орун*** |
| 6 | География | ***8-орун*** |
| 7 | Физика | ***4-орун*** |
| 8 | Биология | ***6-орун*** |
| 9 | Химия | ***4-орун*** |
| 10 | Информатика | *Окуучусу катышкан жок* |

**6.6. Бүтүрүүчүлөрдүн окуусун улантуусу боюнча маалымат**

| **№** | **Бардык бүтүрүүчүлөр** | | **Тапшыруунун көрсөткүчтөрү** | | | | | | **Окубагандар** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **ЖОЖ** | | **Атайын орто** | | **Кесиптик окуу жай** | | | |
| | саны | катышы (%) | саны | катышы (%) | саны | катышы (%) | Саны | катышы (%) | саны | катышы (%) |
| 1 | 7 | | | | | | | | | |

**7. Билим берүү программасындагы кадр менен камсыз кылуусу боюнча маалымат**


| **Көрсөткүчтүн аталышы** | **Өлчөм бирдиги** | **Эскертүү** |
|---|---|---|
| **7.1. Мектеп жетекчилигинин, мугалимдеринин жана башка кызматкерлеринин толукталышы** | **34** | |
| Билим берүү уюмундагы кызматтык жетекчилердин саны | 4 | |
| Вакансиядагы кызматтардын саны | - | |
| Мугалим жок болгондугуна байланыштуу өтүлбөй калган предметтердин саны | - | |
| Адистиги туура келбеген мугалимдер тарабынан берилип жаткан предметтердин саны | - | |
| **7.2.Мугалимдердин сандык-сапаттык курамы** | | |
| Жогорку | 17 | |
| - адистиги (педагогикалык) | 22 | |
| - бакалавр (педагогикалык) | 4 | |
| - магистр (педагогикалык) | 1 | |
| Бүтпөгөн жогорку (педагогикалык) | - | |
| Атайын орто (педагогикалык) | 3 | |
| Орто (жалпы) | - | |







Мугалимдердин сыйлыктары боюнча корсоткуч:




| **7.3.Чеберчилигин жогорулатуу курсунан өткөн мугалимдер** | | |
|---|---|---|
| Акыркы 5 жылда чеберчилигин жогорулатуу курсунан өткөн мугалимдердин катышы | 92% | |
| Акыркы 5 жылда кыска мөөнөттө семинар-тренингдерден өткөн мугалимдердин саны | 56% | |
| Быйылкы окуу жылында насаатчы бекитилген жаш мугалимдер | 2 | |
| Мектептеги иштеп жаткан УБдин саны жана аталыштары | 4<br>"Башат"<br>"Сабат"<br>"Тил чеберчилиги"<br>"Таалим" | |

**8. Билим берүү программасынын окуу китептери жана окутуу усулдук материалдар менен камсыз болушу жөнүндө маалымат**

Китептердин саны-2500
Окуу китептери-1695
Методикалык китептер-104

Көркөм, адабий китептер-701
2021-2022-окуу жылына спонсорлор тарабынан келген китептер - 10
2021-2022-окуу жылында келген китептер- физика (7-кл)- 10шт, метод. колдонмо-1шт
-химия (8-кл)-10 шт, метод. колдонмо-1шт

<table>
<tr><th>Көрсөткүчтөрдүн аталышы</th><th colspan="3">Билим берүүчү уюму (%)</th></tr>
<tr><td>Китеп менен камсыз болушу</td><td colspan="3">85 %</td></tr>
<tr><td>Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстардын китеп менен камсыз болушу</td><td colspan="3">85 %</td></tr>
<tr><td>Окуу китеби жетишпеген предметтер</td><td colspan="3">Математика, физика, орус тили, орус адабияты, геометрия, технология, информатика</td></tr>
<tr><td rowspan="2">60 % дан төмөн камсыздалган предметтердин аталышы</td><td>1-4</td><td>5-9</td><td>10 -11</td></tr>
<tr><td>Алиппе<br>Математика<br>Мекен таануу<br>Адабий окуу</td><td>Технология, математика, англис тил, орус тил, орус адабияты, информатика</td><td>физика, геометрия, кыргыз адабият</td></tr>
</table>

## 9. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы жөнүндө маалымат

| | | (ооба/жок) | Эскертүү чемени |
|---|---|---|---|
| 1 | **Окуу кабинеттери:** | | |
| | Кыргыз тили | Ооба | Автордук канаа болуп ремонт жасалды 2022-ж |
| | Англис тили | Жок | - |
| | Орус тили | Ооба | 1 |
| | Тарых | Жок | - |
| | Математика | Ооба | 1 |
| | География | Жок | - |
| | Физика | Ооба | 1 |
| | Биология | Жок | 1 |
| | Химия | Жок | 1 |
| | Информатика | Жок | - |
| | Компьютердик класс | Ооба | 1 |
| | Башталгыч класс | ооба | 2 Автордук канаа болуп ремонт жасалат |
| 2 | Жетекчилик кабинеттер (директор менен окуу бөлүм башчыларынын кабинети) | Ооба | 1 |
| 3 | Дааратканa | Ооба | 1 |
| 4 | Китепкана (китепкананын жалпы фонду) | Ооба | 1 |
| | Китеп сакталуучу жай, архив | Жок | - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Окуу залы | Жок | - |
| 5 | Атайын жабдылган кабинеттер (лаборатория) | Жок | - |
| | Химия | Жок | - |
| | Биология | Жок | - |
| | Физика | Жок | - |
| 6 | Спорт аянтчасы | Ооба | 1 |
| | Гимнастикалык зал | Жок | - |
| 7 | Музыкалык бөлмө | Жок | - |
| 8 | Ашкана | Ооба | 1 |
| 9 | Жыйындар залы | Жок | - |
| 10 | Эмгекке үйрөтүү кабинети | Жок | - |
| Жылытуу системасы | | От казан | 1 |
| Жылуулук системасынын иштөө абалы | | Жакшы | |
| Мектептин имаратынын жалпы абалы 1) абдан начар, 2) начар, 3) канааттандырарлык, 4) жакшы | | Жакшы | |
| Санитардык-эпидемиологиялык кызматтын жана өрт өчүрүү кызматынын жыйынтыгы | | Бар | бүтүмү бар |

| Ресурстар | Ооба/жок | Саны |
|---|---|---|
| Окуучулар колдонгон компьютерлердин саны | Ооба | 8 |
| Интернет | Ооба | Кыргыз Телеком |
| Интерактивная (электронная) доска | Жок | - |
| Сенсорная доска | жок | - |
| Видеоплейер | Жок | - |
| Проектор | Ооба | 2 |
| Телевизор | ооба | 3 |

| | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорт | 1 | 9 |
| 2 | Көркөм өнөр , кол өнөрчүлүк | 1 | 12 |
| 3 | Музыка жана бий ийрими (кыргыз улуттук программаларды камтуу менен) | 1 | 10 |
| 4 | Окуучулардын кызыгуусуна карата сабактар | 10 | 57 |

- Жалпы мугалимдердин демилгеси жана демөөрчүлүгү менен мектептин залынын ички жасалгасы толугу менен алмашылып, заманбап стенддер менен 40 000 сомго жабдылды.
- Окуучулар учун кол жуунма залдын кире беришине санитардык талапка ылайык коюлду, оздук салым учун 91176
- Б. Курманалиева атындагы автордук канаа ачылды 50 000 сом
- Мектепке жакшыртылган ажааткана ишке берилди. Жалпы наркы 1 402307с
- Класстар аралык «Мектеп биздин жашыл үйүбүз» гүл конкурсунда 42 гүл мектептин залына, окуу канааларына коюлду, гүл текчелерине Бусурманкулов Т. демөөрчүлүк кылып жасатты
- «Мектеп лигасы» спорттук олимпиадага волейбол боюнча окуучу кыздар катышып волейбол тобу, сертификат менен сыйланышты.
- Мерсико уюмунан 45000сомго ашкана эмеректери келди
- Пед.коллективдин демөөрчүлүгү менен мектепке телевизор, принтер алынып келинди. 35000с

Жашылдандыруу иштери:

Мектептин комокчу 2га жери бар. 2га жери арпа айдалып, себилди. "Бир окуучудан бир көчөт" акциясынын алкагында 34 түп карагат, 2 алча, сирен, 30 түп карагай, 24 түп роза отургузулду.

**10. Ата-энелердин билим берүү процессине катышуусу**

Ата-энелердин канааттануусунун деңгээли (ата-энелер үчүн сурамжылоо)

| | Сиз билим берүү уюмунун аткарылган иштерине канчалык деңгээлде канааттанасыз? | Катышкан саны | Орточо жыйынтык |
|---|---|---|---|
| 1 | Эң жакшы | 11 | 30 % |
| 2 | Жакшы | 23 | 62% |
| 3 | Канааттандырарлык | 3 | 8% |
| 4 | Канааттандыралык эмес | | - |

| | Билим берүү уюмунун иштерин төмөндөгү бөлүктөр боюнча белгилеңиз? | Орточо балл (1-5 көрсөткүч) |
|---|---|---|
| 1 | Окутуу чөйрөсүндөгү жагымдуу маанай | 5 |
| 2 | Окутуунун сапаты | 5 |
| 3 | Мугалимдердин квалификациясы | 5 |
| 4 | Окуучулардын сабакка катышуусу | 4 |
| 5 | Окуучулардын жүрүм-туруму жана тартиби | 4 |
| 6 | Окуучулардын окуу процессине тартылуусу | 5 |
| 7 | Мугалимдер тарабынан кошумча сунушталган иш-чаралардын деңгээли | 4 |
| 8 | Окутуудагы түзүлгөн шарттар (имарат, тамактандыруусу ж.б.) | 4 |

**11. Социалдык кызматташтык:**

**Билим берүү уюмдарынын өнүгүү планын ишке ашыруу үчүн кызматташкан уюмдар:** ата-энелер, айыл өкмөтү, айылдык кеңеш, жеке ишкерлер, саламаттыкты сактоо кызматкерлери, ички иштер бөлүмү, жогорку окуу жайлары, көзөмөлчүлөр кеңеши, демилгечи топ, айылдык ден соолук комитети.

Баардык курактагы балдардын социалдык жана жекече көйгөйлөрүн аныктоо максатында социалдык изилдөө жүргүзүү.

**Социалдык маалымат база түзүү:**

- Тоголок жетим балдардын саны-
- Жарым жетим балдардын саны-9
- Социалдык жетим балдардын саны-
- Өгөй ата-эненин колундагы балдардын саны-3
- Сырткы мигранттын балдарынын саны-2
- Ички мигранттын балдарынын саны-14
- Көп балалуу үй-бүлөдөгү балдардын саны-39
- Социалдык жактан аз камсыз үй-бүлөдөгү балдардын саны-16
- Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын саны-2
- ИДН дин каттоосундагы балдардын саны-
- Баткен, Афган, Чернобль окуяларынын катышуучуларынын балдарынын саны-
- Үйдө окуган балдардын саны-1

2.Балдардын укугун коргоо.

3. Алдын алуу иштери.

4.Үй булөгө колдоо көрсөтүү. Кайрымдуулук иштер.

5.Социалдык педагогикалык консультациялар.

Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин социалдык педагогунун айлык пландары түзүлүп, бекитилди.Айылдын соц.кызматкери А.Чороев менен бирдикте окуучулардын жашоо шарты иликтенип, социалдык сурамжылоо , диагностикалык изилдөө жүргүзүлүп социалдык паспортто түзүлдү. Ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, ата-энелер менен бирдикте профилактикалык кеңештин курамы түзүлүп анын жылдык иш планы иштелип чыгып бекитилди. Ал чогулушка ата-энелер , мектеп жамааты, айыл аймагынын мүчөлөрү катышышты. ЖИИ нин кызматкери менен бирдикте сабакка келбеген окуучулардын үйлөрүн кыдырып ата-энелер менен сүйлөшүү жүргүзүлдү. Кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын алуу максатында төмөндөгүдөй иштер аткарылды.

Баланын укуктары жөнүнө конвенциянын "Кыргыз Республикасынын укук бузууга каршы профиликтикалык иштерди жүргүзүү жөнүндө 2005-жылдын 25-июнундагы №39 токтомунун №92 мыйзамынын ишке ашыруу максатында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин окуучуларынын арасында кылмыштуулукту алдын алуу иштери боюнча профилактикалык кеңеш түзүлгөн. Кеңеште мыйзамга ылайык төмөндөгүдөй курам тузүлгөн.

1. Саякбаева Н.Ш- мектеп директору кеңештин төрайымы
2. Кенжебаева Ж.Б- уюштуруучу кеңештин мүчөсү
3. Касмалиева А.Т- кеңештин катчысы
4. Ашымбекова А- ата-энелер комитети- кеңештин мүчөсү
5. Кеңешбек кызы Н- кыздар совети-кеңештин мүчөсү
6. Бактыбек уулу А-жаштар уюму кеңештин мүчөсү
7. Курманалиева Б- аялдар совети кеңештин мүчөсү

Кеңештин курамы кеңештин максатын, милдеттерин, ишмердүүлүгүн жана фуңкциясын толук билишет. Кеңештин аткарган иштери:

- Укук бузууга, селсаяктыкка жана өспурумдөрдүн кылмыштуулукка каршы алдын алуу иштери;
- Окуучулардын укуктук маданиятын жана мыйзамдуулук мүнөздүн негиздерин калыптандыруу;
- Баланын укутарын коргоо;
- Кенештин мүчөлөрү мектептеги укук бузууга каршы жүргүзүлгөн иштерине катыша алды
- Профилактикалык кеңеш коомдук башкаруу уюму катары рекомендациялык мүнөздөгү чечим кабыл алат жана бул боюнча мектеп жетекчилиги менен бирдикте буйрук чыгара алат;

Профилактикалык кеңеш өзүнүн отурумун эрежеге ылайык айына бир жолу өткөрүп турд жана протоколдору жазылган. Кылмыштуулукту алдын алуу максатында "Ишеним кутучасы" уюштурулган. Окуучулар толук маалымат алышкан. Кутуча өз убагында текшерилип протоколдору өз убагында жазылды. Жыл ичинде "Ишеним кутучага" эч кандай арыз даттануулар катталган жок. Кылмыштуулукту алдын алуу, сабактардан себепсиз калбоо, ж.б максаттарда ата-эне, мугалимдер жана окуучулар тарабынан үч тараптуу келишим түзүлүп, ар бир ата-эне , окуучулар кол коюп ата-энелер чогулушунда бекитилди. Үйлөрүнө конок тосуу, туулган күн, майрамдарды өткөрүүгө жол бербөө , жол берилсе айыптар каралган.

Окуучулардын бош убактыларын туура пайдалануу максатында акы төлөнүүчү жана предметтик кружоктор иш алып барды. Ар бир окуучу кружокторго тартылган. Бул да окуучулар арасында кылмыштуулукту алдын алат деп ойлойм. Тун ичиндеги кылмыштуулукту алдын алуу максатында уюштуруучу Кенжебаева менен бирдикте график түзүлүп түнку рейддер өткөрүлүп АКТ, токтомдору өзубагында толтурулду.

Окуучулардын социалдык абалын изилдөө максатында ички жана тышкы мигранттын

балдарын тактоо иретинде ИДН жана соц кызматкер , класс жетекчилер менен бирдикте рейд жүргүзүлүп актлар жана ишеним каттары такталды.

- “Суицидди болтурбоо жана алдын алуу” максатында 10-класстын класстын класс жетекчиси Акунсартова Айгүл “Суициддин келип чыгуу себеби эмнеде?” деген темада класстык саат өттү.
- Кыздар уюмунун жетекчиси Кеңешбек кызы Нургүл “Адамга эң кыйыны күн сайын адам болуу”деген темада кыздар арасында жолугушуу өткөрду. Мындан сырткары “Кызга кырк үйдөн тыюу” деген теманын астында кыздар уюмунун чогулушун өткөрдү.
- “Коомдук коопсуздукту жана укук бузууну алдын алуу” максатында ИДН менен жолугушуулар өткөрүлүп кылмыштуулук, укук бузуу, суицид темаларында докладдар өтүлдү.

  Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундаг №390 токтомуна ылайык окуучулар арасында кылмыштуулукту, уй-бүлөлүк зомбулукту, укук бузууларды, өзүн-өзу өлтүрүүлөрдү алдын-алуу максатында ата-энелер менен бирдикте “Тарбия үйдөн башталат”деген темада ата-энелер чогулушу өткөрүлдү. Бул чогулушка райондон келген өкулдөр жана прокурор ата-энелер менен бирдикте кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын алуу максатында суроо жооп иретинде талкуу өткөрүлдү.
- Окуучулардын өздүк документтери калыбына келтирилип, толукталды.
- Сабактан себепсиз калган, келбеген окуучуларды аныктоо иштери жүргүзүлду, иштеген окуучулар, чабандын балдары такталды.
- Жашыруун сурамжылоо жургүзүлүп анкеталар алынды.
- Ата-энелер арасында укук бузууга жол берген окуучулар, балдарды тарбиялоодо өз милдетин аткарбаган жана аларга терс таасирин тийгизген ата-энелерге(аларды алмаштырган адамдар) түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

  “Насвай-деген эмне?” деген темада 7-класстын класс жетекчиси Шаршенбекова Таажыгүл класстык саат өткөрдү.

  8-класстын класс жетекчиси Касмалиева Айнура “Тамеки- ден соолукка зыян “ деген темада класстык саат өтүлдү.

3-декабрь ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата төмөндөгүдөй пландын негизинде иштер аткарылды.
Ден соолугунан мүмкунчүлүгү чектелген адамдарга конституциялык укуктарын жекече кайрылууларына, суроолоруна жооп берүү боюнча онлайн жолугушуу өткөрүлдү.
Бир айлыктын алкагында “Биз биргебиз” деген ураандын астында сүрөт көргөзмө уюштурулду.
“Биз биргебиз”, “ Биз билебиз, биз сезебиз, “Жакшылык кылууга умтул”деген темалардын негизинде ачык класстык сааттар өткөрүлдү. 7-класс “Жакшылык кылууга умтул”. 7-класстын окуучулары класс жетекчиси менен бирдикте айыл ичиндеги мүмкүнчүлүгү чектелген карыянын үйүнө барып жардам көрсөтүп келишти. 11-класс “Биз силер менен биз” аттуу ураан менен айыл ичиндеги майыптарга жардам беришти. 8-класс “Биз биргебиз” деген теманын астында тамак- аш жарманкесин өткөрүп , түшкөн каражатты каттоодо турган мектеп жашындагы майып окуучулар: Асылбекова Нурайым, Кубатова Айназик, Турдалиева Айымага беришти. Ак-Талаа районунда инклюзивдүү балдар үчүн уюшулган “Азык” борборуна мектептин атынан акча каражаты чогултулуп берилди.Иш чара концерттик программа менен жыйынтыкталды. Жалпы 4000 сом өлчөмүндө жардам берилди.

- Томолой жетим, толук эмес үй-бүлөдө тарбияланган балдарды райондук жаңы жылдык кечеге катыштырдык. Оор жашоонун кырдаалына туш келген окуучулар үчүн кеп –кенештер уюштурулуп турду.Өгөй ата-эненин колундагы балдар, сырткы, ички мигранттардын балдары такталып мониторингдер жүргүзүлүп турду.
- 20-февраль адилеттүүлүк күнүнө карата төмөндөгүдөй план менен иштер аткарылды:

“Социалдык адилеттүүлүктүн дүйнөлүк күнүн өткөрүү” боюнча пландар тузүлүп, бекиттирилди.

“Социалдык адилеттүүлүктүн “ бир айлыгына карата кайрымдуулук иштер аткарылды.

“Балдарды үй-бүлөдөгү ырайымсыз мамиледен коргоо”, “Менин социалдык макамым”, “Социалдык адилеттүүлүк жана теңдик”, “Биз коррупцияга каршыбыз”, “Ар бир адам жашоого,эркиндикке, кол тийбестикке укуктуу” деген темада ачык класстык сааттар өткөрүлдү.

Тарых мугалими Карбозова Г “ Сенин көзкарашыңда адилеттү инсан кандай болуш керек?” деген темада тренинг өткөрдү.

- “Кыз адеби кымбат” деген темада кыздар уюму менен бирдикте айылдын аялдар кеңешинин төрайымы Ибрагимова Назира менен жолугушуу өткөрүлдү.
- Бүтүрүүчү класстарга бурчтар уюштурулуп, кесиптик багыт берүүдөгү консультациялар берилип, видео роликтер көрсөтүлдү.

**Билим берүү уюумунун ишин жакшыртуу үчүн кызматташкан долбоорлор:**

| к/с. | Проектинин аталышы | Проектинин максаты | Ишке ашыруу жылы |
|---|---|---|---|
| 1. | FAO | 1-4-класстын окуучуларын ысык тамагын жумуртка менен камсыздоо<br>5-8-класстын окуучуларын уй канаттууларын багууну окутуп уйротуу | 2021-2022 |
| 2. | IPD тынчтык клубу | Окуучулар арасында тынчтык маданиятын жайылтуу, “Кыргыз жараны” концепсиясын ишке ашыруу | 2021-2022 |
| 3. | МерсиКо | Алма бак, 1-4-класстардын ысык тамагын оптималдаштыруу | 2020-2022 |

**2021-2022-окуу жылындагы мектептин жетишкендиктери**

Билим сапатын жакшыртуу максатында ар кандай интеллектуалдык көндүмдөрүн жогорулатуучу конкурстар уюштурулду-«Акыл ордо», «Билерман ордо», «Акыл таймаш», «Бирге окуйбуз», «Биз 21 кылымдын интеллектуалдарыбыз», «Жаш илимпоз», «Ким миллионер болгусу келет» ж.б. у.с. акыл эмгегин өстүрүүчү конкурстар болду жана ай сайын окуучулардын билим сапаттары текшерилип турду, мындан сырткары республикалык Швед математикалык олимпиадага 6-класстын окуучулары Турарбекова Ханзада жана Кадырбекова Айганыш катышып 2-орунга ээ болушту. Кыргыз тили сабагы боюнча «Билимкана» олимпиадасынын республикалык турунан 10-класстын окуучусу Жумакадырова Калнура 2-орунга ээ болуп, «Редми нот» 8 уюлдук телефону менен сыйланган. 8-класстын окуучулары онлайн «Китеп окуйбуз» республикалык китеп окуу таймашында 3-орунду ээлешип, 1000сом акчалай сыйлыкка жана диплом менен сыйланды. «Жаш тарыхчы» республикалык бүтүрүүчүлөр үчүн уюштурулган таймашта Русланбек уулу Темирлан алдынкы 8 окуучунун катарына кирип «Сертификат» жана КУУ 30% грант утушка ээ болду. Жаны технологияларды кенири колдонуу менен декада, жумалыктар өткөрүлдү. Окуучулардын кызыгууларына жараша предметтик жана акы төлөнүүчү кружокторго тартылышты. «Мен Кыргызстандык экендигиме сыймыктанам!» райондук конкурсунда 8-класстын окуучу Тенирберди кызы Назима «Көркөм окуу» боюнча 3-орунга ээ болду жана диплом менен сыйланды. Элчибек кызы Б. активдүү катышып келди. «Мыкты сүрөт» сурот конкурсунда Марсбекова Нурзада областтан 1-орунду камсыз кылды жана ушул эле окуучу «Биз 21-кылымдын интеллектуалдары» кароо сынакта областтан 2-орунду камсыз кылды.

Сапаттуу билим алуусуна мүмкүнчүлүктөрдү кенейтүү үчүн ар кандай тренинг, семинарлар «Багыт» академиясы, «Элет English" жана "SECOM" билим берүү мекемелери менен бирдикте уюштурулуп, окуучуларды кошумча курстар ЖРТ даярдык, олимпиадага даярдануу, тил үйрөнүү боюнча окуучуларды өткөрүү үчүн тынымсыз иш алып барылды..

1-6-классынын арасында өтүлө турган изилдөө долбоору боюнча "Окуйбуз, жасайбыз, изилдейбиз!" аттуу Республикалык сынакка 5-класстын окуучусу Шералиев Нурэл Уланбекович "АИ-37" козуну, 6-класстын окуучусу Кадырбекова Айганыш "Алое гүлүн" изилдеп, изилдөө долбоорун районго жөнөтүштү. Жетекчи Кенешбек кызы Н.

Ак-Талаа райондук "Жаш мугалимдер" слетуна карата Кенешбек кызы Н. жана Темирбек кызы М. видеосабак жасап жөнөтүштү.

"Финдердей окуталы" китеби боюнча райондук денгээлде жаш мугалимдер үчүн уюштурулган китеп конкурсунда Темирбек кызы М. 1-орунду, Мукамбет кызы А. 2-орунду багындырып акчалай сыйлык менен сыйланышты.

2021-2022-окуу жылына карата райондук "Жыл мугалими" кароо сынагына англис тил мугалими Акунсартова Айгул Болотовна катышып Нарын облустук усулдук билим берүү борборунун "Ардак грамотасы" менен сыйланды.

*Мектеп директору:* ____________ *Саякбаева Н.Ш.*